**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

**Д 13.20.623 диссертациялык кеңеши**

*Кол жазма
укугунда УДК 37;
372.8;372.882;8;82;82.0;*

**ШЕРБАЕВА ЖЫПАРГҮЛ РАХМАНБЕРДИЕВНА**

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН «АДАБИЙ ОКУУ» САБАГЫНДА ЖОМОКТОРДУ ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ

**13.00.02 – окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)**

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2022**

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогика жана психология кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** **Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич**, педагогикаилимдеринин доктору, И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын профессору

**Расмий оппоненттер:** **Рысбаев Сулайман Казыбаевич,** педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз билим берүү академиясынын мамлекеттик тилди өнүктүрүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери

**Абдырасулова Элмира Кыдырмаевна,** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент И.К.Ахунбаев атындагы КММАнын кыргыз тили кафедрасынын башчысы

**Жетектөөчү мекеме:** Жалал-Абад мамлекеттик университетинин башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы, педагогика жана психология кафедралары. 7156000, Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад шаары, Эркиндик көчөсү, 51

Диссертациялык иш 2022-жылдын 22-апрелинде саат 13:00до И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) жана психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д 13.20.623 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720023, Бишкек ш., 10-кичирайону, Саманчин көчөсү, 10 - а.

Диссертацияны коргоонун жүрүшүн онлайн трансляциянын идентификациялык коду https://vc.vak.kg/b/d13- oyf-pc2-yyg

Диссертация менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (Фрунзе көчөсү, 547), Кыргыз билим берүү академиясынын (Бишкек ш., Эркиндик бульвары, 25) китепканаларынан жана http:arabaev.kg/do.kg таанышууга болот.

Автореферат 2022-жылдын 19-мартында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Омурбаева Д.К**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Учурда билим берүү процессин демократиялаштыруу жана гумандаштыруу окуу процессин интенсивдештирүүнү, аны ата мекендик жана дүйнөлүк тажрыйбалар менен байытууну, көркөм чыгармаларды кабылдоодо ассоциацияларды кеңири колдонууну өз алдына милдет кылып койду. Жаштарды улуттук маданий баалуулуктар, көркөм адабий чыгармалар менен тарбиялоо проблемасы КРдин Президенти С. Н. Жапаровдун «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» (2021) жөнүндөгү жарлыгында жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген «Окуучу жаштарды руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбиялоо концепциясында» (2021) өзгөчө белгиленген.

Дүйнөлүк педагогиканын тарыхында жомоктордун прогрессивдүү идеяларын окутуу-тарбиялоо процессинде пайдалануу тууралуу идеялар Я.А.Коменскийдин «Байыркы чехтердин акылмандыгы», «Энелер мектеби»,

«Тилдерге ачык эшик», К. Д.Ушинскийдин «Эне тили», «Балдар дүйнөсү», В. А. Сухомлинскийдин «Жүрөгүмдү балдарга арнайм», Г. Н. Волковдун

«Этнопедагогика» ж.б. эмгектеринде айтылган. А. С.Пушкин, Г. Х. Андерсен, Бир тууган Гриммдер, А. М. Горький, А.Токомбаев, Ч. Айтматов ж.б. жазуучулар жомок аркылуу өз ойлорун айткан. М.К.Азадовский, В.А.Бахтина, Ф. И. Буслаев, Н. Е. Добровольская, Е. М. Мелетинский, И. Никифоров, Я. Пропп, Э. В. Померанцева ж.б. фольклористтердин, эстетиктердин эмгектеринде жомоктордун табияты, поэтикасы адабияттаануу аспектисинен изилденген. Алардын эмгектеринде жомок дүйнөсүнүн жанрдык моделинин өзгөчөлүгү, сыйкырдуулук менен реалдуулуктун карым- катышы, жомоктордо мезгилдин жана мейкиндиктин өзгөчө формада уюштурулушу, жомоктун сюжеттик жана композициялык, тилдик бөтөнчөлүктөрү, жомоктогу идеалдуу жана фантазиялык каармандардын ролу ж.б. проблемалар ар тараптуу изилденген. Ушундай эле аспектиден кыргыз жомоктору тууралуу Т. Байжиев, З. Бектенов, М. Богданова, Д. Брудный, С. Кайыпов, К. Мифтаков, С. Мусаев, К. Рахматуллин, Ж. Таштемиров ж.б. адабиятчылар эмгектерин жазган.

Дүйнөнүн өзгөчө, образдуу модели катары жомоктор башталгыч класстын окуучулары үчүн жакын жана түшүнүктүү келет. Башталгыч класста адабий чыгармаларды окутуу проблемасы бир катар методисттердин эмгектеринде (Б. А. Абдухамитова, С. С. Сакиева, А. Д. Токтомаметов, С. К. Рысбаев ж.б.) теориялык жана практикалык жактан изилденген, бирок алар атайын жомокторду окутууга токтолгон эмес.

Орто мектептеги окутуу процессине жүргүзүлгөн көп жылдык байкоолор көрсөткөндөй, мугалимдер жомоктор тууралуу окуучулар башталгыч класстарда алган маалыматты гана кайталаган учурлар көп кездешет. Ал эми жомокторду окутууда терең, ойлонуштурулган жана максаттуу, системалуу иш жасалышы керек. Бир жагынан, материалды системага салуу менен балдарга жомоктордун мазмунунун жана формасынын өзгөчөлүгүн таанууга жардам берсе, ал эми экинчи жагынан – бул иштин жүрүшүндө жомоктордун мазмунундагы жана формасындагы улуттук жана жалпы адамзаттык типологиялык белгилерин аныктоо зарыл.

Тема боюнча изилдөө жүргүзүү тажрыйбабыз бир топ **карама-каршылыктар** орун алып келе жаткандыгын көрсөттү, алар: жомоктор улуттук баалуулуктар, улуттук ой жүгүртүүнүн салттуу бир формасы катары эсептелсе да, аларды этнопедагогикалык өңүттөн окутууга басым жасалбагандык; башталгыч класстын окуучуларына жетиштүү эле сандагы жомокторду окуу сунуш кылынып жатса да, аларды окутуунун методикасы системага салынбагандыгы; жомокторду адабий окуу сабагында окутуу боюнча мектеп мугалимдеринин тажрыйбалары көп эле болгону менен, алардын илимий жактан жалпыланып, башка практик мугалимдерге сунушталбагандыгы ж.б.

Жогоруда белгиленген карама-каршылыктарды чечүү изилдөөнүн проблемасын аныктап, темабызды **«Башталгыч класстардын «Адабий окуу» сабагында жомокторду окутуунун методикасы»** деп атадык.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар жана негизги илимий изилдөө иштери менен байланышы:** Диссертациянын темасы адабий билим берүүнүн мамлекеттик стандарты жана тарбиянын концепциялары, Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогика жана психология кафедрасынын пландык иштери менен байланышат.

**Изилдөөнүн максаты** – башталгыч класстардын «Адабий окуу» сабагында жомокторду бүгүнкү заманбап технологиялардын талаптарына ылайык окутуунун методикалык бирдиктүү системасын түзүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Жомоктордун педагогикалык табиятын, жомокторду окутуунун тарыхын, азыркы абалын, аны изилдөөнүн методдорун жана методологиясын үйрөнүү;

2. Мектептин 2-4-класстарында жомоктор боюнча окуучулардын билим сапатын жана деңгээлин аныктоо, аларды өркүндөтүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн табуу, республиканын алдыңкы мугалимдеринин, методисттердин педагогикалык иш-тажрыйбаларын жалпылаштыруу;

3. Башталгыч класстарда жомокторду үйрөтүүнүн методикалык

негиздерин аныктап, буларды заманбап технологияларга ылайык окутуунун усулдарын, жолдорун жана каражаттарын иштеп чыгуу;

4. Иштелип чыгып, сунуш кылынган методикалык ыкмалардын жана жолдордун натыйжалуулугун аныктоо үчүн педагогикалык тажрыйбаларды жүргүзүү жана жыйынтыктоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси:** Башталгыч класстарда жомокторду окутуунун илимий-методикалык негиздери иштелип чыгып, бирдиктүү бир бүтүн системага салуу аракетинин жасалышында, жыйынтыктоо сабактарынын санариптешкен коомго ылайыктап интерактивдүү негизде иштелип чыккандыгы менен аныкталат.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык мааниси:**

«Адабий окуу» сабагынын программасынын жана окуу китептеринин жомокторго тиешелүү бөлүмдөрүн тактап, методикасын өркүндөтүүгө көмөк көрсөтөт; адабий окуу боюнча сабакты изилдөөдө сунуш кылынган үлгүлөр, методдор окуучулардын өз алдынча сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө, өтүлө турган темага болгон кызыгууларынын жогорулашын шарттайт; башталгыч класстарда жомокторду окутуу иштерин жакшыртууга, өркүндөтүүгө, алардын билим берүүчүлүк жана тарбиялык маанисинин ачылышына өбөлгө түзөт; изилдөөнүн материалдары мектептерде, орто жана жогорку окуу жайларында методикалык колдонмо, окуу китеби катары пайдаланылат; адабий окуу боюнча предметтик стандартты өркүндөтүүгө жана окуу-методикалык комплекстерди даярдоого жардамчы болот.

**Изилдөөдөн келип чыккан корутундулардын ишенимдүүлүгү жана жыйынтыктарынын негиздүүлүгү** ишти аткаруу алдынан белгиленген методологиялык таянычтарга негизделип, предметтин, милдеттердин адекваттуу жолдорун комплекстүү изилдөө методдоруна таянып проблеманы теориялык өңүттөн үйрөнүүгө, анализдөө жана синтездөө жолу менен максатка жеткендикте.

**Коргоого коюлуучу диссертациянын негизги жоболору:**

- адабий окууда жомоктор заманбап технологияларга таянылып окутулушу зарыл;
- жомокторду үйрөтүү окутуунун билим берүүчүлүк, тарбия берүүчүлүк жана өнүктүрүүчүлүк максаттарын ишке ашыруунун таасирдүү жана натыйжалуу каражаты боло алат;
- жомоктордун идеясын, темасын, поэтикасын өздөштүрүү окуучулардын компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн булагы болушу керек;
- жомокторду окутуу башталгыч класс окуучуларынын руханий-адептик жана эстетикалык тарбияланышына негиз даярдайт.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** Башталгыч класста адабий окуу предметинде жомокторду окутуунун абалын аныктоо, анын

натыйжалуулугун арттыруу боюнча тажрыйбалык топтордо тиешелүү сабактарды өттү, заманбап салттуу жана интерактивдүү окутуунун, интеграциялап окутуунун методикалык системасын иштеп чыгуу изденүүчүнүн жеке өзү тарабынан ишке ашырылды.

**Илимий изилдөөнүн натыйжаларын тастыктоо (апробациялоо)**:

Изилдөөнүн жүрүшү жана жыйынтыктары 2012-2021-жылдардын арасында Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде жана башка окуу жайларда өткөн илимий-практикалык республикалык жана эл аралык конференцияларда, КБАнын, Ж. Баласагын атындагы КУУнин, И. Арабаев атындагы КМУнин алдындагы диссертациялык кеңеште алдын ала коргоодо талкууланды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын толук жарыяланышы.** Изилдөөбүздүн темасы жана анын жыйынтыктары боюнча эки усулдук колдонмодо, 18 илимий макала жарыяланды. Анын ичинен 12 республикалык жана 6 макала эл аралык басылмаларда басылып чыкты.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү:** Диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизи тууралуу түшүнүк берген киришүүдөн, үч баптан, баптар боюнча жана жалпы корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен (177) турат. Таблицалар – 16, сүрөттөр – 4. Иштин жалпы көлөмү – 169 бет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** илимий изилдөөнүн актуалдуулугу, максаты, милдеттери, изилдөөнүн жаңылыгы, иштин практикалык баалуулугу, коргоого коюлуучу жоболор жөнүндө маалыматтар берилген.

Диссертациянын биринчи бабы **«Башталгыч класстардагы “Адабий окуу” сабагында жомокторду окутуунун теориялык-методологиялык проблемалары жана изилдениш тарыхына обзор»** деп аталып, анын

*«Жомок» жана «Адабий жомок» түшүнүгүнүн теориялык анализи»* деген биринчи бөлүмүндө «жөө жомоктор», «жомок», «адабий жомок» түшүнүктөрүнө терминологиялык анализ берилди. Жомоктор – фольклордогу кеңири тараган жанр. Аларды айбанаттар тууралуу, кереметтүү-укмуштуу жана турмуштук жомоктор деп үчкө ажыратып жүрөбүз. Диссертацияда жомоктордун мына ушул үч тибинин айырмачылыктары, жакындыктары айтылат. Жомоктор – дүйнөнүн кыялый чагылышы. Анда биз көрүп жүргөн тоо-таш, көл, суу, дарактар, асман, булут – баары өзүнүн реалдуу жашоосу менен эмес, адамдар түзүп алган кыялдагы жашоосу менен көрүнөт. Килемдер учат, куштар сүйлөйт, адамдар сыйкыр менен башка жаныбарларга өтүп миң түрлөнүп, миң кубула алат.

Жомокторду биз, биринчиден, оозеки айтылып фольклордук жанр

катары пайда болгон («Бала өзүнүн шаарын кантип сактап калды», «Алтын куш»); экинчиден, ошол элдик жомокторду профессионал акын-жазуучулар кайра иштеп чыгып жазып берген (А.Токомбаев «Жетим менен сыйкырчы», Ж.Бөкөнбаев «Чептен эрдин күчү бек»), үчүнчү учурда акындар, жазуучулар, драматургдар өздөрү жомок ойлоп таап жазышкан (С. Рысбаев «Умай-бала» ж.б.) деп карасак болот.

Бул бапта Э. В. Померанцева, В. А. Бахтина, В. Я. Пропп, А. И. Никифоров, Н. В. Новиков, В. Г. Белинский, А. Н. Афанасьев, М. Борбугулов ж.б. адабиятчылардын эмгектеринен жана «Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки» деген китептен алынган мисалдар менен «жомок», «адабий жомок» түшүнүктөрүнүн лингвистикалык жана фольклордук анализи берилет.

*«Башталгыч класстарда жомокторду окутуунун ааламдашуу доорундагы максаты, милдеттери»* деген экинчи бөлүмүндө «ааламдашуу», «дүйнөлөшүү» «глобалдашуу» деген түшүнүктөрдүн маани-маңызына талдоо берилет. Бул процесстерде классикалык маданият четке сүрүлүп, анын ордун жеңил-желпи, күнүмдүк маданият ээледи. IT технологиялары: чөнтөк телефон, ноутбук, нетбук, планшет, электрондук кат куржун (E-mail), скайб, вотсап, теле, кино-фильм, OK, DVD, MTV, KTV, Internet ж.б. маалымдоо каражаттары жаштарга оң таасирин гана эмес терс таасирин да тийгизе баштады. Эң негизгиси жаштардын, өзгөчө балдардын китеп окуу, анын ичинде жомокторду окуу ишмердүүлүгү артка сүрүлдү. Азыркы ыйман кризиси, жаштардын нравалык деградациялары тууралуу иште бир топ мисалдар айтылат, алардын себептери көрсөтүлөт.

Кыргыз маданиятынын тарыхында улуу адамдарга (С. Орозбаков, С. Каралаев, А. Токомбаев, Ч. Айтматов) жомоктун тийгизген таасири баяндалат. Жомок алардын инсан катары, чыгармачыл адам катары калыптанышында чоң ролду ойногон. Кыргыз элинин «Ууру» деген жомогунун адамды адилеттикке, ак эмгек кылууга тарбиялоого тийгизген таасири текстти талдоо аркылуу чагылдырылат.

Жомоктор аркылуу элдик педагогдор балдарды мекенчилдик, адеп-ахлактык, экологиялык, эмгекчилдик, демократиялык, укуктук, дене тарбиялык, эстетикалык жактан тарбиялоого жетишкен, демек, жомоктордун ошол мүмкүнчүлүгүн азыркы ааламдашуу доорунда пайдалануу зарыл.

*«Жомоктордун жанрдык табиятын жана окутуу проблемаларын изилдөөнүн тарыхы»* аттуу үчүнчү бөлүмдө жомок тарыхнаамысын изилдөөгө арналат. «Жомок» терминин аныктоо маселеси XIX кылымдын 40-50-жылдарынан тарта башталат, ал тууралуу В. Г. Белинскийдин, К. С. Аксаковдун, А. Н. Афанасьевдин, Б. М. Соколовдун, А. И. Никифоровдун пикирлери айтылган, XX кылымда бул багытта М. К. Азадовский, Ю. М.

Соколов, В. П. Аникин, Э. В. Померанцева ж.б. орус фольклористтердин эмгектери кошулду. Жомок теориясы жана практикасы В. Я. Пропп, В. М. Жирмунский, Э. В. Померанцева, И. П. Лупанова ж.б. окумуштуулардын эмгектеринде кеңири изилденген.

Жомокту изилдөөдө татаал жана талаш туудурган маселелердин бири генезиси (чыгышы, пайда болушу) эсептелет. Элдик жомоктордун келип чыгуусу тууралуу маселеде бир нече принципиалдуу ажырымга ээ агымдар же мектептер бар: 1) мифологиялык; 2) тарыхый; 3) өздөштүрүп алуу мектеби (миграциялык). Иште алардын негизги идеяларына, айрым өкүлдөрүнүн ойлору берилди.

Жомоктук жанрдын генезиси маселеси боюнча фольклористикада олуттуу салым кошкон эмгектердин катарына окумуштуу В. Я. Пропптун

«Морфология сказки» (Ленинград, 1928)», «Исторические корни волшебной сказки» (Ленинград, 1948) деген эмгектери эсептелет, мында жомокту стадиялуу жана системалуу изилдөө идеясы каралган. В. Я. Пропп жомоктун келип чыгуусуна материалисттик негиз берген, мында ал коомдун өнүгүүсүнүн социалдык-тарыхый мыйзамдарына негизделген деген идеяны биринчи планга коёт.

Диссертацияда XIX кылымдын 20-жылдарынан XX кылымдын 20-жылдарына чейинки жомокторду жазуу, басып чыгаруу, изилдөө иштеринин жүрүшүнө кыскача илимий обзор берилет. Иштин көп бөлүгүн окуу программаларына, окуу китептерине, адабият хрестоматияларына, методикалык эмгектерге анализ ээлейт.

Бул параграфты жыйынтыктап айтканда, жомоктордун табиятын, анын генезисин изилдөө, жомоктордун педагогикалык маани-маңызын талдоо, орто мектепте жомокторду окутуунун методикасын иштеп чыгуу узак мезгилди басып өттү жана азыр бул жагынан биздин эмгекке негиз боло турган бир катар эмгектер пайда болду.

*«Башталгыч класстардын «Адабий окуу» сабагындагы жомокторду окутуунун методологиялык-дидактикалык негиздери»* деп аталган төртүнчү бөлүмүндө биздин изилдөө ишибиздин методологиялык таянычтарын көрсөтүүгө арналган. Методология – илимий изилдөө үчүн зарыл болгон ар кандай методдордун топтому, чогуусу, таанып-билүүнүн илимий жолун көрсөтүүчү бирдиктүү бир система, ырааттуулук, эмгекти жазууда, илимий сунуш-пикир айтууда таяныч жана негиз боло турган, мурда башка илимпоздор тарабынан практикадан өткөн, тастыкталган теориялык жоболор. Бул багытта биз таанып-билүү мыйзамдарын ачып берген философия илимин методологиялык база болуучу учурларын көрсөттүк.

Классикалык педагогдор Я.А.Коменский, И.Г.Песталоци жомокторду педагогикалык иште пайдалануунун методологиясын иштеп чыккан,

К.Д.Ушинский элдик фольклорго таянып «Талаага көйнөк кантип өнүп чыкты», «Шалбаадагы балдар», «Аарылар жана чымындар», «Токой жана булак» дегендей темаларда жомок-аңгемелерди жазып, аларга таанытуучулук жана тарбиялоочулук терең мазмун берген. Л.Н.Толстой Ясная Поляна айылында мектеп ачып, ал мектебинин окуучуларына элдик жомокторду жана өзү чыгарган жомоктору окуп берген, элдик жомоктордун тилин өзү да терең үйрөнгөн жана окуучуларына үйрөткөн. В.А.Сухомлинский Украинанын Павлыш орто мектебинде мугалим, директор болуп жүрүп балдарга жүздөгөн элдик жомокторду жана өзү чыгарган жомоктору айтып берип, алардын көзүн ачкан. Жомокторго балдар кандай реакция бергенин «Сердце отдаю детям» деген китебинде чагылдырган. Балдар бул дүйнөдө Баба-Яга, Бака-Падыша, Өлбөс-Кащей жок экенин билсе да, алардын образында жакшылык менен жамандыктын, адилеттик менен кара өзгөйлүктүн кармашы жатканын түшүнөт дейт. Г.Н.Волков жомоктордун педагогикасына басым жасап, аларды педагогикалык чыгарма деп атаган. Советтик педагогдор А.С.Макаренко, Н.К.Крупская, Ш.А.Амонашвили да балдарды жомок дүйнөсүнө тартуунун зарылдыгын белгилешкен.

Адабиятаануу, эстетика, дидактика, адабиятты окутуунун методикасы, психология илимдеринин методологиялык базасы тууралуу да эмгекте айтылган. Бул эмгектер биздин ишибизге жалпы багыт берди.

**«Башталгыч класстарда жомокторду окутуу боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору»** деп аталган экинчи баптын биринчи бөлүмүндө изилдөөнүн материалдарын көрсөтүүгө арналган. Жалпы материалдарды бир нече типке бөлүштүрүп алдык: билим берүү боюнча нормативдик материалдар; окуу стандарттары; окуу программалары; окуу китептери, окуу-методикалык колдонмолору.

«Адабий окуу» сабагын окутуунун максаты – II-IV класстардагы мектеп окуучусун окурмандык ишмердүүлүккө багыттоо, кебин өстүрүү, дүйнө таанытуу болгондуктан анын материалдарында жомоктор орчундуу орунду ээлейт. Дал ошол башталгыч класстардагы окутулган жомоктор биздин изилдөөнүн да материалдары болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн объекти -** жалпы билим берүүчү орто мектептердин башталгыч класстарындагы (II-IV класстар) «Адабий окуу» сабагын окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – «Адабий окуу» сабагындагы жомокторду окутуу иш-аракеттери.

Изилдөө ишибиздин негизги материалдары алардан тышкары: «Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы; башталгыч класстарда

«Адабий окуу» сабагы боюнча мамлекеттик стандартты, «Адабий окуу» сабагы боюнча окуу программалары, окуу китептери, методикалык


колдонмолор, адабиятчылардын жомоктор боюнча талдоолору, мугалимдердин иш тажрыйбалары, окуу-нормативдик документтер, окуучуларды жазуу иштери. Окуу китептериндеги материалдар кыргыз адабиятынан билим берүүнүн предметтик стандартынын жана окуу программасынын негизинде берилет.

Адабий окуу боюнча окуу китептерине тема боюнча анализ жүргүзүү төмөнкүлөрдү көрсөттү: 2-4-класстарда жомоктор жетиштүү эле санда берилген; жомокторду окуу китептерине сунуштоодо дидактикалык талаптар (жөнөкөйдөн татаалга, теория менен практиканын байланышы, жеткиликтүүлүк жана бышыктык, турмушка жакындык, окуучунун курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайык келиши ж.б.) сакталган. Жомоктордун мазмундук жана формалык ар түрдүүлүгүнө көңүл бурулган. Элдик жомоктор, акын-жазуучулар иштеп чыккан жомоктор, акын-жазуучулар өздөрү жазган жомоктор деп үч түрдүү жомоктор тең окуу китептеринен орун алган. Булардын ичинен бир топ жомоктор окуу китебинин авторлору (С. Рысбаев, А. Абдухамидова, К. Ибраимова, А. Токтомаметов, Б. Субанова) тарабынан адаптацияланган. Адаптациялоо төмөнкүдөй принциптер менен ишке ашкан: чоңураак тексттердин кээ бир бөлүмдөрү кыскартылган; айрым тексттердин абзацтары кыскартылган; айрым түшүнүксүз сөздөрүн ордуна синонимдери коюлган; айрым жомоктордун сюжеттик-композициялык түзүлүшү жөнөкөйлөштүрүлгөн. Мисалы, 3-класстын «Адабий окуу» китебинде (авторлор Б.А.Абдухамидова, С. К .Рысбаев, К. И. Ибраимова) 12 жомок сунушталат: «Жалкоо», «Акылдуу бала», «Эки бир тууган», «Бакыт-таалай каякта?», «Гүлжана булбул», «Сүмөлөк», «Атасын жакырланткан бала», «Чептен эрдин күчү бек», «Билебиз», «Баатыр коён», «Көз жаш», «Түлкүнүн абышка менен карышкырды алдаганы».

«Адабий окуу» сабагында биздин изилдөөгө материал болуп берүүчү жомоктор окуу китебинин авторлору тарабынан төмөнкүдөй принциптердин жана критерийлердин негизинде сунушталат: элдик жомоктор, адабий жомоктор жана автордун өздөрү жазган жомоктордун мүмкүн болсо бирдей катышта болгондугу эске алынат; жомоктордун жогорку идеалуулугу, б.а., андагы ойдун бүгүнкү күн үчүн ылайыктуулугу каралат; жомоктордун ошол жомок сунуш кылынып жаткан класстагы окуучулардын курак өзгөчөлүктөрүнө ылайыкталат; көлөмү чоң жомоктор окуучулардын курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө карай окуу китебинен авторлору тарабынан адаптацияланат; тексттин балдар үчүн түшүнүктүү болушу; тексттеги айрым түшүнүксүз сөздөргө комментарий же сөздүк берилет; жомоктордун тематикалык, формалык ар түрдүүлүгү эске алынат; жомоктордун балдарга таалим-тарбия берүү мүмкүнчүлүгүнүн жогорулугу;

жомоктордо балдардын эмоционалдык сезимдерин көтөрүүчү учурлардын болушу; жомоктордо гендердик теңчиликтин сакталышы; жомоктордо рассалык, тилдик, улуттук кемсинтүүлөрдүн (дискриминациянын) жок болушу; мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга акарат келтирүүнүн кезикпеши; жомок тексттеринин окуучулардын эстетикалык табитин өстүрүүгө кызмат кылышы; жомоктордун балдардын окурмандык кызыгууларын жогорулатууга стимул түзүп, окуу мотивдерин өстүрүүгө жардам бериши ж.б.

Биздин изилдөөнүн материалдарын изилдеп көргөндө жомокторду окутууда төмөнкүдөй каражаттардын биримдиги менен тыгыз байланышат: (Сүрөт 2.1.1.)




**Сүрөт 2.1.1. - Жомокторду окутууда тыгыз байланышкан каражаттардын биримдиги.**

Бул бапта биздин изилдөөгө негизги материал болуп берген адабий окуу китептериндеги жомоктор кенже мектеп окуучусун адабий билимин түптөө, окурмандык ишмердүүлүккө багыттоо, эне тилинде кебин өстүрүү, сөздүк запасын көбөйтүү менен жазуу-оозеки байланыштуу кеби менен кеп маданиятын өстүрүү, ошону менен бирге, көркөм ойлоо жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу үчүн жарактуу материалдар экендигин көрсөттү.

Экинчи баптын экинчи бөлүмү *изилдөөнүн методдорун* көрсөтүүгө арналды. Ал методдор: илимий булактарды үйрөнүү, аңгемелешүү, окуучулар жазган жомокторду анализдөө, практикалык тажрыйбаларды талдоо, жалпылаштыруу, окурмандык биография, китепканалык формулярларды *колдонуу*, анкеттөө, анализ жана синтез, жалпылоо жана системалаштыруу, моделдештирүү методдору. Мына ушул теориялык методдор материалдардан жыйынтык чыгарууга, өз ишибизде теориялык жана практикалык сунуштарды айтууга мүмкүнчүлүк түзүп берди. Мисалы, моделдештирүү

методу менен биз «Адабий окуу» сабагында жомокторду окутуунун компоненттерин жана негизги моделин иштеп чыктык. (Сүрөт 2.2.1.)

Кийинки метод – педагогикалык тажрыйба (эксперимент) методу болду. *Эксперименттик базалар:* Ош шаарынын №5 Ж.Бөкөнбаев атындагы мектеп- гимназиясы, №17 Ю.Гагарин атындагы мектеп-гимназиясы, Ош облусунун Кара-Кулжа районундагы Ш.Жээнбеков атындагы интернат-лицейи, Чоң- Алай районундагы Алайчы уулу Саид атындагы инновациялык мектеби, Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районундагы №9 Т.Жоробаев атындагы орто мектеби, Баткен облусундагы Баткен районундагы Ж.Байжигитов атындагы орто мектеби.

Тажрыйбалык-эксперименталдык иштердин баштапкы этабында мектепте жомоктор тууралуу түшүнүктү калыптандыруунун абалын изилдөө милдети коюлду. Констатациялык эксперименттин жыйынтыгы, окуу жана илимий-методикалык иштерди изилдөө жана иликтөө жомоктор тууралуу түшүнүктү калыптандыруунун методикалык моделин иштеп чыгууга жардам берет. Констатациялык эксперименттин максаты төмөнкүлөр:


1. 2-класстын окуучуларынын жомоктор тууралуу жалпы билимдерин аныктоо;
2. Окуучулар тарабынан жомокторун кабылдоонун өзгөчөлүктөрүн аныктоо;
3. 3-4-класстын окуучуларында жомоктору тууралуу түшүнүктүн калыптануу деңгээлин белгилөө.

Илимий изилдөөбүздүн башталыш этабында окуучулардын колунда окуй турган жомок китептери барбы деген суроо туулду жана китепканалардагы, мугалимдердин жана окуучулардын үйлөрүндөгү абал менен таанышып чыктык. (2.1. Таблица)

**2.1.Таблица – Аймактар боюнча мектеп китепканаларынын жомок китептери менен камсыздалышынын көрсөткүчү (кыргыз тилиндеги жалпы китептердин ичинде жомок китептердин көрсөткүчү % менен)**

| аймактар / материалдар | Ош шаарынын 2 мектеби | Кара- Кулжа районунун 1 мектеби | Чоң-Алай районунун мектеби 1 | Ала-Бука районунан 1 мектеби | Баткен облусунан 1 мектеби |
|---|---|---|---|---|---|
| Окуучулар үчүн жомок китептери | 8% | 6% | 5% | 6% | 4% |

Мындан көрүнүп турган нерселер: окуучулар пайдаланып окуй турган кыргыз тилиндеги жомок китептер жалпы кыргызча китептердин Ош шаарында 8 пайызын, Кара-Кулжа районунда 6 пайызын, Чоң-Алай районунда 5 пайызын, Ала-Бука районунда 6 пайызын жана Баткен облусунда 4 пайызын, гана түзөт.




**Сүрөт 2.2.2. «Адабий окуу» сабагында жомокторду окутуунун модели.**

Башталгыч класстын окуучуларынын жомокторду кандайча кабыл аларын, түшүнөрүн аңдап билүү максатында бирдей эле көлөмдөгү үч жомоктун тексттин бердик, алардын бири элдик жомоктор, экинчиси акын-жазуучулар иштеп чыккан жомоктор, үчүнчүсү, окуу китептеринде авторлор тарабынан адаптацияланган жомоктор эле.

Кыргыз мектептеринин башталгыч класстарында жомокторду окуп-үйрөтүү боюнча биздин педагогикалык эксперименттер аркылуу төмөнкүдөй абал аныкталды:

1. Жомокторду башталгыч класстарда окутуу боюнча методикалык адабияттардын жетишсиздиги;

2. Башка элдерге салыштырмалуу кыргыз тилиндеги жомоктордун искусствонун башка түрлөрүнө (кино, анимация, сүрөт ж.б.) айландырган формалары анчалык өнүкпөгөндүгү;

3. Жомок китептердин нускаларынын өтө аз чыгып, алардын массалуулугунун чектелүү экендиги;

4. Окуулуктарда болсун, китептерде болсун жомоктордун иллюстрацияланышы жагынан башка элдерден артта кылып жаткандыгыбыз ж.б.

Бул көрүнүштөр да жомокторду окутуу ишмердүүлүгүн ийгиликтүү жүргүзүүгө жана сабактын майнаптуулугун жогорулатууга терс таасирин тийгизип, ушул багытта активдүү иш жүргүзүүнү талап кылары белгилүү болду.

Биздин окутуу методикабызды башталгыч класстардын адабий окуу сабактарында сынактан өткөрүү үчүн педагогикалык тажрыйбаларга (экспериментке) Ош шаарынан, Ош областынан 180 окуучу (анын ичинен 91 – тажрыйба тобунан, 86 – байкоо тобунан) катышкан. Ал төмөнкүдөй натыйжа бергендигин көрөбүз. (2.2. Таблица)

**2.2.Таблица – Окуучулардын жомоктордун мазмунун түшүнүү деңгээлдери.**

| деңгээл | Экспермент мезгилдери | жогорку | орто | төмөн |
|---|---|---|---|---|
| | | % | % | % |
| **байкоо тобу** 86 окуучу | башы | 13,3 | 41,4 | 45,3 |
| | аягы | 13,1 | 42,6 | 45,3 |
| **тажрыйба тобу** 91 окуучу | башы | 10,2 | 45,1 | 44,7 |
| | аягы | 21,8 | 45,7 | 32,5 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, педагогикалык эксперименттин башталышында байкоо тобунда жогорку деңгээл 13,3%, орто деңгээл 41,4%, төмөнкү деңгээл 45,3%, ал эми тажрыйба тобунда жогорку деңгээл 10,2%, орто деңгээл 45,1%, төмөнкү деңгээл 44,7% болуп, салыштыра алганда, эки топ тең негизинен бирдей көрсөткүчтү берген.

Эксперименттин аягында байкоо тобунда жогорку деңгээл 13,1% болуп, өсүш 1%дын тегереги болсо, тажрыйба тобунда 21,8% болуп, өсүш 7,1%ды түзгөн, ал эми төмөнкү деңгээл байкоо тобунда 45,3% болсо, тажрыйба тобунда 32,5% болуп, эки топтун айрымасы 13%га жакын болуп, биздин сунуштар натыйжалуу экендигин көрсөттү.

Тажрыйбада окуучулардын деңгээлин баалоо критерийлери төмөнкүлөр болду:

1. жомоктордун мазмунун айтып бериши;
2. жомоктордогу каармандарды талдай билиши;

3. жомоктун идеясын түшүнүүсү;
4. ошол жомокко окшоштуруп башка жомок чыгара алышы;
5. жомоктун тилин талдоосу.

Тажрыйба жүргүзүү үчүн тандалып алынган жомоктор: «Акылдуу бала»,

«Эки бир тууган», «Баатыр коён», «Түлкүнүн абышка менен карышкырды алдаганы».

**Тажрыйба класстарында жомокторду окутуунун өзгөчөлүктөрү:** жомокторду жанрдык табиятына карата талдоо; каармандарды башка каармандар менен салыштырып мүнөздөө; чыгармадагы майда деталдарды көңүл коюп талдоо; жомоктордогу пейзажга, интерьерге көңүл буруу; чыгарманын көркөмдүгү, тилинин өзгөчөлүгү, колдонгон көркөм сөз каражаттары боюнча талдоо жүргүзүү; жомоктук мотивдерге көңүл буруу;

жомокторду аңгеме, табышмак, макал-ылакап, элдик ырлар, легенда, миф, ыр сыяктуу түшүнүктөр менен салыштыруу;окуган жомокту кайра жөнөкөй формада баяндап берүү; жомокко жеке пикирин айтуу; жомоктун негизинде слайд жасоо, сүрөт тартуу; жомокто катышкан каармандардын тилине мүнөздөмө берүү; тексттеги монолог жана диалогдорго көңүл буруу; жомокторду үн кубултуп окуу; жомоктун текстине план түзүү; сөздөрдү талдоо ж.б.

***Колдонулган методикалык ыкмалар:*** окуу жана түшүнүү; ролдоштуруп окуу; суроо-жооп аңгемелешүүлөрү; текстти кеңири жана кыскартып талдоо; дискуссия; мугалим менен окуучулардын талаш-тартышы; жазуу жумуштары (эссе, дил баян, баяндама) ж.б.

Жыйынтыктоо учурунда тажрыйбалардын натыйжалары төмөнкүдөй болду. (2.3. Таблица)

**2.3.Таблица - Окуучулардын жомоктордун каармандарынын иш-аракеттерин түшүнүү жана кабыл алуу деңгээлдери.**

| деңгээлдер | тажрыйба тобу (% менен) 91 окуучу | | байкоо тобу (% менен) 86 окуучу | |
|---|---|---|---|---|
| | Тажрый-бага чейин | Тажрыйба-дан кийин | Тажрыйбага чейин | Тажрыйбадан кийин |
| жогору | 23% | 37% | 7% | 11% |
| жеткиликтүү жогору | 32% | 39% | 31% | 39% |
| орто | 32% | 15% | 36% | 37% |
| төмөн | 13% | 9% | 26% | 13% |

Бул эксперименттин жыйынтыгына караганда 91 окуучу катышкан тажрыйба тобунда жомоктордун каармандарынын иш-аракеттерин жогорку деңгээлде өздөштүргөндөр тажрыйбага чейин 23% болсо, тажрыйбадан кийин 37%га көтөрүлгөн, өсүш 14%, жеткиликтүү жогорку көрсөткүч 32%дан 39%га чейин жогорулап, өсүш 8% болгон, ал эми орто көрсөткүч 32%дан 15%га, төмөн көрсөткүч 13%дан 9%га чейин азайган.

Ал эми байкоо (контролдук) тобунда жогорку көрсөткүч 7%дан 11%га гана өсүп (4%), тажрыйба тобу менен айрымасы 10% болгон *(Башка айырмалар да таблицада көрсөтүлүп турат).*

Жогорудагы таблицаларды салыштырып көрүү башталгыч класстардын окуучуларынын жомоктор боюнча билим сапатынан көтөрүлгөндүгүн, ал өсүштө биз сунуш кылган окутуу ыкмаларыбыз жана жолдорубуз таасир эткендигин белгилөөгө болот.

Тажрыйбаларыбыздын өзөгүн башталгыч класстарынын окуучуларынан

150 окуучудан анкета алуу, ошондой эле аталган мектептерде жомоктор тууралуу түшүнүктү калыптандыруу боюнча сабактарда окуучулардын жана мугалимдин ишмердигине талдоо жүргүзүү түздү.

Констатациялык эксперименттин жүрүшүндө мугалимдердин диссертацияда каралган маселеге карата мамилеси аныкталды, жомоктор тууралуу түшүнүктү калыптандырууда объективдүү кыйынчылыктар аныкталды.

Констатациялык эксперимент төмөнкү критерийлерге негизделүү менен жүргүзүлдү:

4. Жомоктор тууралуу түшүнүк жомоктун пайда болуусунун тарыхый-маданий шарттарын, анын идеялык-көркөм негиздерин, жомоктук жанрды классификациялоону, жомоктун негизги темаларын бөлүп кароо жөндөмүн, жомоктук каармандын өзгөчөлүгүн, жомоктордун поэтикасын камтыйт;

5. Жомоктор тууралуу түшүнүктү башка элдердин, атап айтканда, казак, өзбек, орус эл жомоктору менен салыштырууда колдонуу түшүнүгүн пайдалануу, аны окуган жомокторду өз алдынча анализдөөдө колдонуу жөндөмдүүлүгү;

6. Терминдерди түшүнүү деңгээли жана аларды кептеринде аң-сезимдүү колдонуу.

Педагогикалык экспериментте теориялык ой корутундуларыбыз практикада кандайча ишке ашырылгандыгы тастыкталды, эксперименттер аркылуу биздин сунуш кылган методика, иштеп чыккан сунуштар жана жоболор азыркы мектепте колдонууга ылайыктуу жана мугалимдердин сабактарынын натыйжалуулугун жогорулатууга жардам бере тургандыгын көрсөттү.

Диссертациянын үчүнчү бабы **«Адабий окуу» сабагында жомокторду окутуунун методикасы»** деп аталат да, негизинен элдик жомокторду окутуу боюнча ыкмаларыбыз, жолдорубуз, каражаттарыбыз, сабактардын формалары сунушталды. Айрым сабактарыбыздын фрагменттери чагылдырылды.

*«Башталгыч класстын окуучуларына жомокторду окутуунун педагогикалык-психологиялык өзгөчөлүктөрү»* аттуу биринчи бөлүмүндө жомокторду окутуунун өзүнчө психологиялык аспектилери бар экендиги аныкталды. Анын негизгиси – жомок терапиясы. Биздин изилдөөдө жана жеке тажрыйбабызда жомоктор окуучулардын аң-сезимин өстүрүп, таанып-билүүсүн жогорулатып гана калбай, ошол балдар үчүн дарылоочу касиетке да ээ. С.К.Рысбаев жомоктордун психоаналитикалык (иликтөөчү, талдоочу), психотерапевдик (дарылоочу), психокоррекциялык (оңдоочу, түзөтүүчү) жана психодиагностикалык (боолголоочу) деген төрт урунттуу багыты бар экенин, жомок адамды «жаман сапаттардан арылтуучу», т.а. «дарылоочу», жакшы сапаттарга ылайык «оңолтуучу», жакшы жолго салуучу жана адамдын келечегин, тарбиясын, билимин, шык-жөндөмүн талдап, келечегин алдыртадан боолголоочу касиетке ээ» экендигин айтат.

Психотерапевт Т. Д. Зинкевич-Евстигнеева жомоктун беш концептуалдык түрүн белгилейт: көркөм жомоктор (автордук, элдик), психокоррекциялык, психотерапиялык, медитативдик жана дидактикалык жомоктор. Жомоктордун универсалдуулугу (жомок – маалымат бергич; жомок – экологиялуу; жомок – чексиз; жомок – феериялуу; жомок – эмоционалдуу; жомок – акылман) бир топ мисалдар менен көрсөтүлдү. Ушул эле параграфта жомоктордун педагогикалык функциясы тууралуу айтылып, аларды сабакта колдонуунун мүмкүнчүлүктөрү каралды. Окутууда психологиялык- педагогикалык аспекттер кандайча сакталарын Исабек Токтогуловдун

«Жылан менен куркулдай» деген жомогун окуп-үйрөнүүнү мисал катары көрсөттүк.

*«Башталгыч класстарда жомокторду окутуу боюнча тажрыйбалардын анализи»* аттуу экинчи бөлүм методист окумуштуулардын жана мектеп мугалимдеринин усулдук сунуштарын чагылдырууга арналган. Алардын идеялары биздин диссертациябызда колдонулду жана илимий-методикалык иштелмелерди, сабактардын сценарийлердин жазууда жардам берди. Башатында К.Тыныстанов, И. Арабаев, С. Нааматов ж.б. алгачкы агартуучулар турган башталгыч класстарда жомокторду окутуу методикасы боюнча окумуштуу-методисттердин жаңы мууну пайда болду. Б. А. Абдухамидованын «Бала шаарын кантип сактап калды?» аттуу жомокту окутуу технологияларын чагылдырдык. Ошол технологияларды эске алуу

менен «Жыл жана анын балдары» жомогун окутуу боюнча методикалык сунуштарды иштеп чыктык, андагы «Окуучулардын ой жүгүртүү баракчасы», «Окуучулардын ырыстоолор таблицасы», «Синонимин табуу көнүгүүсү» ж.б. технологиялардын өткөрүлүш жолдорун баяндадык. С. К. Рысбаевдин

«Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы», «Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп-үйрөнүү маселелери» деген китептериндеги жомокторду окутуу методикасына негизденип «Алтын уя» деген жомокту окутуунун ыкмаларын иштеп чыктык. Ошол эле параграфта Баткен районундагы Бужун орто мектебинин мугалими Гүлмира Касымованын тажрыйбаларын көрсөттүк.

*«Адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун ыкмалары, жолдору жана каражаттары»* деген үчүнчү бөлүмүндө өз методикабызды чагылдырууга өзгөчө көңүл бурдук. Биз сунуш кылган жомокторду үйрөтүүнүн методикалык ыкмалары: текстти көркөм окуу; текстти түшүндүрүп окуу; тексттин айланасында баарлашуу; окуучунун жеке кабылдоосуна жараша чыгармачылык менен аткарылуучу тапшырмалар ж.б. Жомокторду үйрөнүүдө окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү: окуу, жазуу; жаттоо; угуу; кайра айтып берүү (жөн гана айтып берүү, көркөмдөп айтып берүү); өз пикирин айтуу (жазуу); текстти иллюстрациялар менен салыштыруу; сөз менен сүрөт тартуу; сүрөт тартуу ж.б. 3-класстагы

*«Кумурска менен жалкоо»* жомогун окутуунун биз колдонгон ыкмалары: көркөм окуу; суроолор менен текстти талкуулоо; «Адабий ийримдер» стратегиясы; жомоктун маанисин чагылдырган макалдар менен иштөө;

«Синонимин табуу» көнүгүүсү; таблица түрүндөгү тест ж.б. *«Акылдуу дыйкан»* жомогун окутууда кадамдар жана классты топторго бөлүштүрүү,

«Сырдуу сөздөр өлкөсүнө саякат» ыкмаларын колдондук жана алар оптималдуу экендигин көрсөттү.

Жыйынтыгында жомокторду окутууда биз колдонгон эффективдүү ыкмалар төмөнкүлөр болду: ошол жомокко окшотуп башка жомок ойлоп табуу; жомокту кыскартып жана узартып (кошуп) сүйлөө; ошол текстиге негиздеп жаңы тексттерди куроо; жомокту ролдоштуруп окуу; жомокту иллюстрациялоо; жомокту бөлүктөргө ажыратып, ар бир бөлүккө ат коюп чыгуу; жомоктун тилин талдоо; «максат менен окуу: алдын ала суроолорду колдонуу» методу; «скандоо» методу, «жомокту өзүнүн атынан айтып берүү» методу, «сөздү көрсөт» методу ж.б.

Жомокторду окутууда аудиожомокторду жана анимацияларды пайдалануу методу да ушул бөлүмдө көрсөтүлдү.

## КОРУТУНДУ

Орто мектептин башталгыч класстарында жомокторду окутуу окуучулардын адамды жана жалпы дүйнөнү таанып билүү ишмердүүлүгүн калыптандырууга таасирин тийгизип, фантазиялык сезимдерин жогорулатып, этикалык сапаттарын, акыл билимин, эстетикалык табитин көтөрүүгө жардам берет. Жомоктор – бул 8-10 жаш курактагы балдардын эң сүйүктүү чыгармалары, андыктан алардын окурмандык кызыгууларын жогорулатып, китеп окуу маданиятын калыптоодо жомоктордун чоң мүмкүнчүлүгү бар. Жомоктордун ошол мүмкүнчүлүгүн туура пайдалануу үчүн аларды окутуунун оптималдуу методдорун табуу жана колдонуу зарыл.

Биздин «Башталгыч класстардын «Адабий окуу» сабагында жомокторду окутуунун методикасы» деген темадагы диссертациялык изилдөөбүз азыркы учурдагы «Адабий окуу» сабагынын мугалиминин кесиптик даярдыгын, профессионалдык компетенттүүлүгүн, методикалык чеберчилигин жогорулатууга багытталган.

Диссертацияда иштин максат-милдеттерине, божомолуна ылайык төмөнкүдөй жалпы жыйынтыктарды чыгардык.

**1. Биринчи милдет** жомоктордун педагогикалык табиятын, аларды окутуунун тарыхын, азыркы абалын, аны изилдөөнүн методдорун жана методологиясын үйрөнүү болгондуктан, дүйнөлүк, советтик жана кыргыз философиясынын, психологиясынын, педагогикасынын, адабият таануусунун тарыхына назар салып жана соңку жетишкендиктерге таянып, «жомок»,

«адабий жомок» деген теориялык-терминологиялык түшүнүктөрдү тереңдеттик, жомоктордун азыркы ааламдашуу доорундагы гуманисттик-педагогикалык функциясын темага ылайык конкреттештирдик. «Жомок»,

«адабий жомок» түшүнүктөрүнүн анализи алардын маанисин ачууга көптөгөн окумуштууларды, жазуучуларды, педагогдорду кызыктыргандыгын көрсөттү. Ал түшүнүктөр «элдик жомок», «акын-жазуучулар иштеп чыккан жомок»,

«автордук жомок» деген түшүнүктөр менен тыгыз байланыштуу. Э. В. Померанцева, В. А. Бахтина, В. Я. Пропп, А. И. Никифоров, Н. В. Новиков, В. Г. Белинский, А. Н. Афанасьев, М. Борбугулов ж.б. окумушуулар жомоктордун жанр катары табиятын тактоого аракет кылып, аларды тематикалык жактан классификациялашкан. Классикалык педагогдор Я. А. Коменский, И. Г. Песталоции, К. Д. Ушинский, Л. Н. Толстой, В. А. Сухомлинский өз ишмердүүлүктөрүндө жомоктордун маанисине өзгөчө көңүл буруп, алардын теориялык жана практикалык методологиясына салым кошкон, Г.Н.Волков жомоктордун тарбиялык функциясына басым жасап, аларды «педагогикалык чыгарма» деп атаган. Диссертацияда ишибиздин

методологиялык таянычтары катары адабиятаануу, эстетика, дидактика, адабиятты окутуунун методикасы, психология илимдеринин ачылыштарына токтолуп, изилдөөбүздүн методдорун чагылдырдык.

**2. Экинчи милдет** катары орто мектептин 2-4-класстарында жомоктор боюнча окуучулардын билим сапатын жана деңгээлин аныктоо, аларды өркүндөтүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн табуу, республиканын алдыңкы мугалимдеринин, методисттеринин педагогикалык иш-тажрыйбаларын жалпылаштыруу милдети алынган. Бул багытта окуучулардын жомокко кызыгуулары аныкталып, алардын китеп окуу ишмердүүлүгү төмөндөп кеткендиги тастыкталды. Мектеп китепканаларынын жана мугалимдеринин, ата-энелердин жомок китептерин сактоо, таратуу, окуу жана балдарга окутуу иш-аракеттери изилденип, алар да өз деңгээлинде эместиги белгилүү болду. Жомокторду окутуу боюнча методисттер С. К. Рысбаевдин, С. С. Сакиеванын, А. Ж. Муратовдун, Б. А. Абдухамидованын, А. Токмомаметовдун, мектеп мугалимдери З. Маразыкованын, Г. Касымованын илимий-педагогикалык ойлору жана иш тажрыйбалары жыйынтыкталды жана диссертацияда пайдаланылды. Бул изилдөөлөр жомокту окутуу боюнча кыргыз педагогикасында башат бар экендигин демонстрациялады.

**3. Үчүнчү милдет** башталгыч класстарда жомокторду үйрөтүүнүн методикалык негиздерин аныктап, буларды заманбап технологияларга ылайык окутуунун усулдарын, жолдорун жана каражаттарын иштеп чыгуу болду. Бул багытта билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарына, окуу программаларына, окуу китептерине, методикалык адабияттарга ж.б. изилдөөнүн методологиялык негиздерине таянуу менен «Адабий окуу» предметиндеги жомокторду окутуунун ыкмаларын, жолдорун, каражаттарын, формаларын иштеп чыктык, айрым сабактарыбыздын фрагменттерин сунуш кылдык. Азыркы учурда жомокторду окутууда жомок терапиясын, аудиожомокторду жана анимацияларды пайдалануу методун өзгөчө заманбап деп эсептедик. «Жыл жана анын балдары», «Алтын уя», «Кумурска менен жалкоо», «Акылдуу дыйкан» деген жомокторду окутуу боюнча методикалык сунуштарды иштеп чыктык, андагы текстти көркөм окуу; текстти түшүндүрүп окуу; тексттин айланасында баарлашуу; окуучунун жеке кабылдоосуна жараша чыгармачылык менен аткарылуучу тапшырмалар ж.б. технологиялар, окуучулардын: окуу, жазуу; жаттоо; угуу; кайра айтып берүү (жөн гана айтып берүү, көркөмдөп айтып берүү); өз пикирин айтуу (жазуу); текстти иллюстрациялар менен салыштыруу; сөз менен сүрөт тартуу; сүрөт тартуу ж.б. окуу ишмердүүлүктөрүнүн түрлөрү оптималдуу экендиги далилденди. Жеке өзүбүз иштеп чыккан «Адабий ийримдер» стратегиясы,

«Синонимин табуу» көнүгүүсү, таблица түрүндөгү тест, «Сырдуу сөздөр өлкөсүнө саякат» ыкмасы сунушталды.

**4. Төртүнчү милдет** иштелип чыгып, сунуш кылынган методикалык ыкмалардын жана жолдордун натыйжалуулугун аныктоо үчүн педагогикалык тажрыйбаларды жүргүзүү жана жыйынтыктоо болгон. Бул милдетке ылайык жомокторду окутуу боюнча биз сунуш кылган методикалык система мектептерде педагогикалык эксперименттер аркылуу текшерилди, анын жыйынтыгы биздин методикалык ыкмалардын, жолдордун, каражаттардын майнаптуу экендигин тастыктады жана илимий изилдөөбүздүн практикалык баалуулугун жогорулатты.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Изилдөөдөн алынган жалпы жыйынтыктар II-IV класстарда жомокторду окутуу боюнча төмөнкүдөй практикалык сунуштарды айтууга негиз берди:

1. Азыркы учурда мектеп мугалимдери жомокторду окутууда алардын сюжетин гана үйрөтүү менен чектелбей, «жомоктун композициясы»,

«жомоктун каарманы», «жомоктун поэтикасы» деген сыяктуу теориялык түшүнүктөрдү да кошо талдап, окуучунун оозеки жана жазуу речин өстүрүүгө да өзгөчө басым жасалышы керек;

2. Башталгыч класстарда жомокторду окутууга дагы көбүрөөк маани берилип, алардын санын да, каралган саат өлчөмүн да көбөйтүп, орто мектептин II-IV класстары үчүн кыргыз тилинде окуу-хрестоматияларды, жомоктор жыйнактарын, жомоктор боюнча аудиокитептерди, анимацияларды иштеп чыгып, массалык нускада чыгаруу жагы мамлекеттин программаларына киргизилиши керек;

3. «Адабий окуу» сабактарында жомокторду окуп-үйрөнүү процессинде азыркы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү, кызыгуулары, китеп окууга кызыкпашы, жалпы эл массасынын жомоктордон алыстап баратышы ж.б. объективдүү жана субъективдүү факторлор эске алынышы зарыл.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин тизмеси:**

**1. Шербаева, Ж. Р.** Кыргыз эл педагогикасында жан-жаныбарларга гумандуу мамиле жасоо маселелеринин чагылдырылышы // КББАнын кабарлары. – 2013. - №3 – 191-194-бб.

**2. Шербаева, Ж. Р.** Улуттук каада-салт – элдин руханий байлыгы // ОГПИнин Жарчысы. – 2014. - №.2 – 128-131-бб.

**3. Шербаева, Ж. Р.** Башталгыч класстарды тарбиялоодо элдик педагогиканын элементтерин пайдалануу // Известия ВУЗов. - 2014. – №7. – 85-88- бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=24908077

**4. Шербаева, Ж. Р.** Элдик педагогика тарбиянын уюткусу // Ж.Баласагын атындагы КУУда өткөн эл аралык илимий-практикалык

конференциянын материалдары // КУУнун жарчысы. - Атайын чыгарылыш. – 2014. - 592-597- бб.

**5. Шербаева, Ж.Р.** Жомоктордун балдар психологиясына тийгизген таасири // ОГПИнин жарчысы. – 2015. – №02 (12). – 185-189-бб.

**6. Шербаева, Ж.Р.** Башталгыч класс мугалимдерин даярдоодо жомокторду окутуунун кээ бир маселелери // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2016. – №8. – 78-79 - бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=27183798

**7. Шербаева, Ж. Р.** Литературный кружок как форма изучения сказок в начальной школе // Интеграция науки изображения в XXI веке: психология, педагогика, дефектология. - 2018. – №2. - С.484-490. https://elibrary.ru/item.asp?id=28789012

**8. Шербаева**, **Ж. Р.** Место и роль народный сказки в этнопедагогике. УГПУ. Россия. // Традиции и инновации в педагогическом образовании: - Екатеринбург, 2018. - Выпуск 4. – С.46-51. https://elibrary.ru/item.asp?id=36279222

**9. Шербаева, Ж. Р.** Кереметүү жөө жомоктордун балдарды тарбиялоодогу педагогикалык шарттары // ЖаМУнун Жарчысы. – 2019. – №2 (41). – 168-171 - бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=42504358

**10. Шербаева, Ж. Р.** Ааламдашуу доорундагы элдик жомоктордун генезиси жана азыркы абалы // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2021. – №5. – 179 - 185 - бб.

**11. Шербаева, Ж. Р.** Элдик жомокторду классификациялоонун көп түрдүүлүгү // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2021. –

№5. – 186-189 - бб.

**12. Шербаева, Ж. Р.** Приемы обогощения словарного запаса учащихся при изучении сказок на уроках литературного чтения // Бюллютень науки и практики. – 2021. – №6. – С.121-125 . https://elibrary.ru/item.asp?id=46233937

**13. Шербаева, Ж. Р.** Воспитательное значение сказок и методика их изучения // Бюллютень науки и практики. – 2021. – №6. – С.472-475 https://elibrary.ru/item.asp?id=46233937

**14. Шербаева, Ж. Р.** Специфика мира сказок в восприятии ребёнка. // Бюллютень науки и практики. – 2021. – №8. – С.319-324. https://elibrary.ru/item.asp?id=46233943

**15. Шербаева, Ж. Р., Абдувалиев Э. А.** «Жомок» жана «Адабий жомок» түшүнүктөрүнүн теориялык анализи // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2021. –№9. – 282-286-бб.

**17. Шербаева, Ж. Р., Абдувалиев Э. А.** Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги жомокторду окутуунун методологиялык-дидактикалык негиздери // Актуальные научные исследования в современном мире. Переяслав – 2022. – Ч. – 248-255- бб.

**18. Шербаева, Ж. Р., Абдувалиев Э. А.** Жомоктордун жанрдык

табиятын жана окутуу проблемаларын изилдөөнүн тарыхы // Актуальные научные исследования в современном мире. Переяслав – 2022. – Часть 5. – 256-262 - бб.

**Шербаев Жыпаргүл Рахманбердиеванын «Башталгыч класстардын «Адабий окуу» сабагында жомокторду окутуунун методикасы» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** башталгыч класс, адабий окуу, элдик жомоктор, көркөм текст, компетенттүүлүк, окутуунун методдору, тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүк, адабий-теориялык компетенттүүлүк, текстти талдоо.

**Изилдөөнүн объекти:** жалпы билим берүүчү орто мектептердин башталгыч класстарындагы (II-IV класстар) «Адабий окуу» сабагын окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** «Адабий окуу» сабагындагы жомокторду окутуу иш-аракеттери.

**Изилдөөнүн максаты:** башталгыч класстардын «Адабий окуу» сабагында жомокторду бүгүнкү заманбап технологиялардын талаптарына ылайык окутуунун методикалык бирдиктүү системасын түзүү.

**Изилдөөнүн методдору:** теориялык-методологиялык талдоо; байкоо, анкеттөө, тестирлөө, аңгемелешүү, тажрыйбаларды үйрөнүү, анализ жана синтез, педагогикалык эксперимент.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси:** башталгыч класстарда жомокторду окутуунун илимий-методикалык негиздери иштелип чыгып, бирдиктүү бир бүтүн системага салуу аракетинин жасалышында, жыйынтыктоо сабактарынын санариптешкен коомго ылайыктап интерактивдүү негизде иштелип чыккандыгы менен аныкталат.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** изилдөөнүн материалдары мектепте, орто жана жогорку окуу жайларында методикалык колдонмо, окуу китеби катары пайдаланылат; «Адабий окуу» сабагы боюнча предметтик стандартты өркүндөтүүгө жана окуу-методикалык комплекстерди даярдоого жардамчы болот.

**Колдонуу жааты:**

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Шербаевой Жыпаргуль Рахманбердиевны на тему: «Методика изучения сказок на уроках литературного чтения в начальных классах» на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.02 - теория и методика преподавания и воспитания (кыргызская литература)**

**Ключевые слова:** начальная школа, литературное чтение, народные сказки, художественный текст, компетенция, методика обучения, лингвокоммуникативная компетенция, литературно-теоретическая компетенция, анализ текста.

**Объект исследования** - процесс преподавания «Литературное чтение» в начальных классах средней школы (II-IV классы).

**Предмет исследования** – теоретические и методические основы формирования понятия о сказках в курсе «Литературное чтение».

**Цель исследования -** создание единой методической системы изучения сказок на уроках литературного чтения в начальных классах с опорой на современные технологии.

**Методы исследования:** теоретико-методологический анализ; наблюдение, анкетирование, тестирование, интервью, опыт обучения, анализ и синтез, опытно-экспериментальная работа.

**Рекомендации по использованию**: материалы исследования могут быть использованы в методических пособиях, учебниках для школ, спузов и вузов, для совершенствования предметных стандартов по дисциплине «Литературное чтение» и в подготовке учебно-методических комплексов.

**Область применения.** Материалы исследования могут быть применены в преподавании следующих дисциплин: «Литературной чтение», «Методика преподавания киргизского языка и литературы», «Развития речи».

**SUMMARY**

**of the dissertation work on the theme “Methodology for teaching fairy tales in “Literary reading” lessons in primary schools” by Sherbaeva Zhypar Rahmanberdievna to get the academic degree of Candidate of Pedagogical sciences on the specialty 13.00.02- Theory and methods of teaching and upbringing (Kyrgyz literature)**

**Key words:** primary school, literary reading, folk tales, literary text, competence, teaching methods, linguistic and communicative competence, literary and theoretical competence, text analysis.

**The aim of the research:** to create a unified methodological system for

teaching fairy tales in “Literary reading” lessons in primary schools in accordance with the requirements of modern technology.

**The object of the research**: the process of teaching the subject "Literary reading" in primary school (grades II-IV).

**The subject of the research**: the activity of teaching children's songs on the subject "Literary reading".

**Methods of the research:** theoretical and methodological analysis; observation, questionnaire, testing, interviews, learning experience, analysis and synthesis, pedagogical experiment.

**Scientific novelty of the research**: Techniques, methods and means of teaching fairy tales on the subject "Literary reading" are first developed on the basis of the latest achievements of literary criticism, pedagogy, psychology: the evolution of teaching fairy tales in primary school, current state, features, history of research are analyzed; fairy tales are presented according to the primary school curricula and textbooks; the experience of methodologists and teachers in teaching fairy tales is analyzed; the method of teaching fairy tales in the subject "Literary reading" based on competence has been tested in pedagogical practice, and the best methods and techniques have been proposed in practice.

**Recommendations for use:** The research materials can be used as teaching aids, textbooks in schools, colleges and universities to improve subject standards in the discipline "Literary reading" and in the preparation of educational and anb methodological complexes.

**Scope of application:** The research materials can be used in teaching the following disciplines: “Literary reading”, “Methods of teaching the Kyrgyz language and literature”, “Speech development”.

Ченеми 60x84 1/16. Көлөмү 1,5 б.т.
Офсет кагазы. Офсеттик басма. Нускасы 100 экз.

ЖИ «Сарыбаев Т.Т.»
Бишкек ш.,
Раззаковкөчөсү, 49 т. 0
708 058 368